*М.Орунбаева, Э.Рыскулова*

# Иш кагаздарын интерактивдүү усул менен окутуу.

Коом өнүгүп жаткан азыркы учурда билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулууда. Эффективдүү сабак жүргүзүү үчүн миңдеген усулдук ыкмалар окутууда сунуш кылынат. Мындай усулдарды ыктуу колдонуу студентти ойгонууга аргасыз кылат, изденүүгө түртөт, жөндөмүн козгойт, ойлоодогу өз алдынчалыгын арттырат. «Өзүнүн жекече изденүүсү, өздүк акыл ой түйшүгү, индивидуалдуу мээнети менен табылган билим - бул ички ишенимге айланган унутулбас билим. Жүрөгүңдү, мээнди,жан дүйнөңдү, эмоцияңды аралап өтүп, энчиңе айланган билим-бул кан жаның менен тамырлаш, өмүрүң менен өзөктөш билим жана да бекем позиция» деген С.Байгазиев. Демек, билим берүүдө окутуунун интерактивдүү усулдары студенттин жекече ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө, терең билим алып инсан катары калыптануусуна өз өбөлгөсүн тийгизе алат. Ошол эле учурда мугалимден гумандуу инсандык мамилени талап кылат бул үчүн мугалимдин ар бир сабакка даярдануусу өзгөчө маанилүү. Анткени «Мугалим күндөй тийсе чачырап окуучусу гүл сыяктуу бажырайып ачылат»[1]

Интерактивдик окутуунун негизги усулдук аспаптары: диалог, талаш-тартыш (диспут), талкуу, мээ чабуулу, сынчыл ойлом, проблемалык кырдаалдар, издөө-иликтөө ишмердиги, эксперимент жана башка. Буларды окутуучу чыгармачылык изденүү менен өзүнүн практикасында колдоно алганда гана ар бир сабак өз максатына жетип, ийгиликтүү натыйжа бере алат.

Азыркы мезгилде мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө. Студенттердин интелектуалдык көрөңгөсүн байытуу максатында ЖОЖдордо мамлекеттик тил сабагы киргизилип, иш кагаздарын расмий тилде жүргүзүү колго алынды. Бул маселени иш жүзүндө көрсөтүү үчүн «мамлекеттик тилде иш жүргүзүү жана улуттук каада-салт» сабагынын иш планында көрсөтүлгөн айрым темаларды өтүүдө колдонулган ыкмалар менен тастыктап көрсөтүүнү тура деп ойлодум. Алгач окутуучу кайсыл адистиктерге кандай иш кагаздары мүнөздүү, алардын айырмасы эмнеде, кандай түрлөрү бар экендигин өзү тактап билүүсү зарыл. Иш кагаздарынын жаратылган орду боюнча ички иш кагаздары коомдун баардык тармактарында активдүү колдонулат. Андыктан ар бир жаран мындай иш кагазды сабаттуу даярдоону үйрөнүү керек. Төмөндө жалпыга тиешелүү бир катар иш кагаздарын келечек адистерге окутуп–үйрөтүүнүн жаңы ыкмалары сунушталат.

Өздүк иш кагаздарынын түрүнө кирет. Башка иш кагаздарынан күнүмдүк иш жүргүзүүдө кеңири колдонулгандыгы менен айырмаланат.

Бул уюмдун жетекчисинин дарегине ар түрдүү даттануу же өтүнүү маселелери менен жазылган иш кагазынын түрү. Арызда билдирүүчүнүн өтүнүчү же даттануусу кыска жана түшүнүктүү жазылышы керек. Эгерде арыз жазуучу алыста болуп жана арыз көп маселелерди камтыса; анда ал көлөмдүү жазылышы мүмкүн. Адам ишмердигинде арыздардын көптөгөн түрлөрү кездешет. Арыздын негизинен 10 реквизити бар.

Арыз, анын түрлөрү, реквизиттери боюнча маалымат берилгенден кийин, студенттерди бирден төрткө чейин санатуу ыкмасы менен 4 борборго бөлүп алуу керек. Жаңы теманы өтүүдө борборлор менен иштөө бир топ оң натыйжаларды берет. Ар бир борборго мугалим тарабынан тапшырма берилет.

Жазуу борбору

1. Арыз кандай иш кагазы?
2. Арыздын түрлөрү?

Сүрөт борбору

1. Арыздын канча реквизити бар?
2. Арыздын түрлөрү реквизиттерин сызгыла.

Илим борбору.

1. Ар бириңер бирден арыз жазгыла.

Эсеп борбору.

Борборлордо аткарылган иштерге баа коюшат.

---

[1] С. Байгазиев. Окутуунун интерактивдүү методу. Б.2004.

Борборлорго берилген тапшырманын бардыгы жаңы темага байланыштуу болуш керек. Тапшырманын көлөмүнө жараша студенттер борбордо 15-20 минута болушат. Мугалим студенттердин борборлордо кандай иштеп жаткандыгын көзөмөлдөп турат. Ар бир борбор аткарган иштери боюнча презентация жасашат. Ал эми эсеп борбору ар бир жоопко баа коюп турушат. Ар бир борбордо баа коюла турган бегунок болот.

**Бегуноктун үлгүсү:**

| Студенттин аты жөнү. | Жазуу борбору | Сүрөт борбору | Илим борбору | Эсеп борбору |
|---|---|---|---|---|
| Айнура<br>Кубаныч<br>Нурлан | | | | |

Мындай борборлоштуруп окутууда баа албай калган студент болбойт. Негизгиси студенттер өздөрүн-өздөрү баалашат.

Студенттер борборлордо иштегенден кийин жаңы тема боюнча (арыз боюнча) бир кыйла түшүнүккө ээ болушат. II тапшырмада ошол алган билимдерин текшерүү же бышыктоо максатында студенттерди эки топко бөлүп, суроолуу кластер, Даймонд стратегиясы менен иштөө сунуш кылынат.

Суроолуу кластер.




Топто суроолорго жооп жазылат. Бул жооптор аркылуу студенттин канчалык деңгээлде түшүнүк алгандыгын билүүгө болот.

Даймонд стратегиясы.

| Эрежеси : | Мисалы: |
|---|---|
| 1-сапта 1сөз зат. | 1. Арыз |
| 2. 2 сөз сын. | 2. Жөнөкөй. татаал. |
| 3. 3 сөз этиш | 3. Жазат, суранат, өтүнөт. |
| 4. Сүйлөм | 4. Арыз кеңири тараган и.к. |
| 5. 3 Этиш | 5. Аткарылат, тиркелет, кол к-т |
| 6. 2.сөз сын | 6. Кыска, көлөмдүү |
| 7. 1 Зат | 7. Документ |

Мүнөздөмө - бул мекеме жетекчисинин же коомдук уюмдун атынан кызматкерге берилет жана анын билими, жөндөмдүүлүгү, жүрүш-турушу, ишке мамилеси, чеберчилиги мүнөздөлөт. Иш кагазынын жазылуу тартиби, өз ара бөлүктөрү, түрлөрү жөнүндө маалымат берилет. Мүнөздөмө кеңири тараган иш кагазы болгону менен анын үч бөлүктөн турары, өндүрүштүк мүнөздөмө, жолдомо-мүнөздөмө сыяктуу түрлөрү, алардын жазылышындагы айырмачылыктар студент үчүн жаңылык болушу мүмкүн.

Бул иш кагазын окутууда инсерт усулун пайдаланууга болот.

1. Тема айтылат — М: Мүнөздөмө
2. Суроо коюлат: — Мүнөздөмө кандай иш кагазы? Анын түрлөрү бөлүктөрү.

а) Жеке б) Жупв) тайпа менен жооп айтылат.

1.Текст берилет жана текстти окууга көрсөтмө берилет.

V-Тааныш маалымат.

+- Жаңы маалымат

- - Каршы пикир
?- Билгим келет.

| Биллем<br>V | Жаңы маалымат<br>+ | Каршы пикир<br>- | Билгим келет<br>? |
|---|---|---|---|
| | | | |

4. Окуп бүткөндөн кийин белгилер боюнча жуптарда талкуу жүргүзүлөт.
5. Доскада таблица толтурулат.
6. Жуптарда бири-бирине мүнөздөмө жазылат.
7. Жазуу окулат.

Түшүнүк кат – кызмат тармагында, кызматка байланыштуу маселени, анын айрым жактарын түшүндүрүү үчүн жетекчиге же жогорку органдарга жиберилүүчү расмий иш кагазы. Түшүнүк кат жетекчинин талабы боюнча жазылат жана түшүнүк кат жазган адамды жазалоого негиз болот.

**Тил кат:**

Мекеме менен уюмдан же бирөөдөн буюм тайым, карыз акча, ошондой эле эгин-тегин, мал, кездеме ж.б. алганда тил кат берилет. Тил кат-алган нерсесин тастыктоочу документ болуп эсептелет.

Түшүнүк кат, тил кат көлөмү кыска жөнөкөй иш кагазынын түрүнө кирет. Ошондуктан бул иш кагаздарын бири-бири менен салыштырып окутуу бир топ эффективдүү натыйжаларды берет. Себеби түшүнүк кат, тил кат бир сабакта өтүлөт, алардын айырмачылыктары, окшоштуктары, өзгөчөлүгү жөнүндө салыштырып окутуу студенттин эсинде көбүрөөк калат. Салыштыруу студенттин эркин ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Мындай ыкма Эйр Венндин диаграммасы деп аталат. Бул ыкманы ар бир сабакта колдонуу өтө ыңгайлуу.




Жогоруда азыркы мезгилдин талабына ылайык келген айрым гана окутуунун жаңы ыкмалары сунушталды. Мындан сырткары иш кагаздарын үйрөтүүгө мугалимдин чеберчилигине ылайык дагы көптөгөн ыкмаларды пайдаланса болот. Окутуунун негизги максаттарынын бири студенттин чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өз пикирин тартынбай айта билүүгө үйрөтүү, алган билимин турмушта колдоно билүү ыктарына ээ кылуу эмеспи. Ошондуктан мезгил мугалимден ар бир сабакка чыгармачылык менен мамиле жасоо талабын коюп жаткандыгы да бекеринен эмес.

Сөздүн аягын улуу педагог В.А.Сухомлинскийдин төмөнкүдөй сөзү менен жыйынтыктагыбыз келет.

«Жакшы мугалим - өзү берип жаткан сабактын негизин түзгөн илимди жакшы билген, ага абдан берилген, жаңы ачылыштардан, изилдөөлөрдөн, жетишкендиктерден жакшы кабардар адам».

**Адабияттар:**


1. Ахматов Т. Аширбаев Т. иш кагаздары: мамлекеттик тилде иш жүргүзүү Б. 2001.
2. Жапарова Б. Калыева Ө. Иш кагаздарын мамлекеттик жана расмий тилде жүргүзүү. Б. 2006
3. С. Байгазиев Окутуунун интерактивдүү методу. Б. 2004
4. Абдураимова З. Мугалим, сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы. Ош 2008.